DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2022

*Шерова А.О.*

# ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН КЫЛМЫШ-ЖАЗА ЖООПКЕРЧИЛИГИН ЖАНА ЖАЗАЛООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Шерова А.О.*

# ОСОБЕННОСТИ УГОЛОВНОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТИ И НАКАЗАНИЯ НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ

*A. Sherova*

# FEATURES OF CRIMINAL RESPONSIBILITY AND PUNISHMENT OF MINORS

*УДК: 343.2*

*Макала жашы жете электердин жазык жоопкерчилигинин жана жазалоонун өзгөчөлүктөрүн кароого арналган. Жашы жете электерге жазык-укуктук мажбурлоо чараларын колдонуунун өзгөчөлүктөрүн чагылдырган жазык мыйзамынын жоболорун талдап чыгууга аракет кылдым. Изилдөөнүн жыйынтыгында кылмыш жасаган адамдын жашы жете электиги кылмыш-жаза жоопкерчилигинин чегин олуттуу кыскартат, ошол эле учурда күнөөлүү адамга карата кылмыш жоопкерчилигинен жана жазадан бошотуунун өзгөчө түрлөрүн колдонууга мүмкүндүк берет деген тыянак чыгарылды. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 28-беренесине ылайык кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылуу курагы кылмыш жасаганга чейин жашы он алтыга толгон адам кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылууга тийиш. Жашы жете электин кылмыш жасоосу анын тарбиялоодогу, адеп-ахлактык жана укуктук жактан калыптанышындагы кемчиликтерди көрсөтөт. Бул кылмыш өспүрүмдүн келечектеги тагдырына терс таасирин тийгизиши мүмкүн, анын кылмыш-жаза мыйзамдары менен кийинки мамилелеринин мүнөзүн аныктайт. Жашы жете электердин кылмыштуу жүрүм-турумуна коомдо болуп жаткан терс социалдык процесстер жана кубулуштар чоң таасирин тийгизет жана бул адамдар чоңдорго караганда мындай факторлорго көбүрөөк дуушар болушат. Жашы жете электердин курчап турган чөйрөсүн криминалдаштыруу чара көрүү, анын ичинде кылмыш-укуктук чаралар аркылуу чара көрүүнү талап кылат. Мына ошондуктан жашы жете электердин кылмыш-жаза жоопкерчилиги жана жазалоо маселелери актуалдуу жана практикалык мааниге ээ.*

***Негизги сөздөр:*** *жашы жете электер, кылмыш-жаза жоопкерчилиги, жаш курак, жаза, кылмыш субъектиси, мыйзам, юридикалык жоопкерчилик, коом, укук, үй-бүлө.*

*Статья посвящена особенностям уголовной ответственности и наказания несовершеннолетних. Я попыталась проанализировать положения уголовного закона, отражающие специфику применения мер принуждения к несовершеннолетним. В результате исследования сделан вывод о том, что преступность несовершеннолетних существенно снижает порог уголовной ответственности, допуская при этом применение особых форм и безнаказанности виновного. Согласно статье 28 УК КР лицо, достигшее шестнадцатилетнего возраста до совершения преступления, подлежит уголовной ответственности. Преступность несовершеннолетних отражает недостаток воспитания, нравственного и правового развития. Данное преступление может негативно сказаться на дальнейшей судьбе несовершеннолетнего, что определяет характер его последующего отношения к уголовному праву. Негативное социальное поведение и явления в обществе оказывают существенное влияние на преступность несовершеннолетних, причем эти люди более подвержены таким факторам, чем взрослые. Криминализация ювенальной среды требует действий, в том числе посредством уголовных действий. Именно поэтому вопросы уголовной ответственности и наказания несовершеннолетних являются актуальными и практическими.*

***Ключевые слова:*** *несовершеннолетние, уголовная ответственность, возраст, наказание, субъект преступления, закон, юридическая ответственность, общество, право, семья.*

*The article is devoted to the peculiarities of criminal liability and punishment of minors. I tried to analyze the provisions of the criminal law, reflecting the specifics of the application of coercive measures to minors. As a result of the study, it was concluded that juvenile delinquency significantly reduces the threshold of criminal liability, while allowing the use of special forms and impunity for the perpetrator. According to Article 28 of the Criminal Code of the Kyrgyz Republic, a person who has reached the age of sixteen before committing a crime is subject to criminal liability. Juvenile delinquency reflects a lack of education, moral and legal development. This crime may have a negative impact on the future fate of a minor, which determines the nature of his subsequent attitude to criminal law. Negative social behavior and phenomena in society have a significant impact on juvenile delinquency, and these people are more susceptible to such factors than adults. The criminalization of the juvenile environment requires action, including through criminal action. That is why the issues of criminal liability and punishment of minors are relevant and practical.*

***Key words:*** *minors, criminal liability, age, punishment, subject of crime, law, legal liability, society, family.*

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 17-главасында балдардын кылмыш-жаза жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрү 96-беренеде жазылгандай 14 жаштан 18 жашка чейинки балдардын кылмыш-жаза жоопкерчилиги төмөндөгүчө:

1. Балдар деп кылмыш жасалган учурга карата жашы 18ге толо элек адамдар таанылат.

2. Кылмыш жасаган 14 жаштан 18 жашка чейинки балага жаза дайындалышы же болбосо тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралар колдонулушу же болбосо пробациялык көзөмөл белгилениши мүмкүн.

Кылмыш жасаганга чейин жашы 14кө толгон бала адамды өлтүрүү (122-берене), ден соолукка оор залал келтирүү (130-берене), ден соолукка анча оор эмес залал келтирүү (131-берене), зордуктоо (154-берене), сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер (155-берене), адамды уурдоо (165-берене), адамдарды соодалоо (166-берене), уурдоо (205-берене), тоноо (206-берене), каракчылык (207-берене), опузалап та-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



лап кылуу (208-берене), автомототранспорт каражатын айдай качуу (211-берене), башка бирөөнүн мүлкүн жок кылуу же бузуу (216-березненин 2 жана 3-бөлүктөрү), террордук актысы (252-березненин 2 жана 3-бөлүктөрү), барымтага алуу (257-берене), атуучу куралды уурдоо же опузалап алып коюу (271-берене), бейбаштык (280-березненин 2-бөлүгү), баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо (282-берене), баңгизат каражаттарын же психотроптук заттарды уурдоо же болбосо опузалап алып коюу (286-берене), транспорт каражаттарын же каттоо жолдорун жараксыз абалга келтирүү (314-берене) үчүн КР Кылмыш-жаза кодексине ылайык кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылууга тийиш [1].

Кылмыш-жаза мыйзамы биринчи кезекте жашы жете электерди кылмыш-укуктук жактан коргоого багытталган. «Укуктук мамлекетте жаш муундун кызыкчылыктары, аны коргоо жана нормалдуу өнүктүрүү көйгөйлөрү биринчи орунда турат, ошондуктан кылмыш-жаза мыйзамдарынын олуттуу бөлүгү жашы жете электердин укуктарын коргоого багытталган.

Кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулган жашы жете электер коомго коркунучтуу бойдон калууда, ошондуктан аларга карата жашы жете электи анын микрочөйрөсүнөн (атайын мектеп, атайы окуу-жай) убактылуу обочолонтууга же атайын тарбиялык көзөмөл жана көзөмөл жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү ченемдерди киргизүү керек» [2].

**Бүгүнкү күндөгү Кылмыш-жаза кодекси боюнча сот кээ бир кылмышкерлерге карата шарттуу соттоо колдоно алат, ал эми 2019-жылда күчүнө кирген Кылмыш-жаза кодексине ылайык сот тарабынан пробациялык көзөмөл колдонулат.**

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 109-беренесинде балага карата пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотуу төмөндөгүчө:

1. Эгерде сот анча оор эмес жана (же) оор кылмыштар үчүн жаза дайындоодо күнөөлүүнүн ким экендигин, ошондой эле иштин башка жагдайларын эске алып, он төрт жаштан ок сегиз жашка чейинки курактагы соттолгон баланы ушул кылмыш-жаза кодекстин 83-беренесинде каралган пробациялык милдеттерди жүктөө менен жаза өтөөсүз эле оңдоо мүмкүн экендиги жөнүндө тыянакка келсе, анда ал пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен аны жаза өтөөдөн бошотуу жөнүндө чечим кабыл ала алат [1].

2. Пробациялык мөөнөттүн ичинде сот ушул КР кылмыш-жаза кодексинин 83-беренесинде аныкталган тартипте он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы соттолгон бала үчүн мурда белгиленген пробациялык милдеттерди толугу менен же жарым-жартылай жокко чыгарат же болбосо толуктай алат.

3. Пробациялык көзөмөл алты айдан бир жылга чейинки мөөнөткө белгиленет.

Бирок, соттук практикада жазанын бул түрү сейрек колдонулат. Биздин оюбузча, бул азыркы учурда ченемдик укуктук актылардагы айрым боштуктардан улам түзөтүү жана милдеттүү жумуштарды аткаруу көйгөйлүү болуп жатканына байланыштуу.

Кылмыш жасаган жашы жете элек жана окубаган жашы жете электерди коомдук пайдалуу эмгекке тартуунун кийинки жолу - мажбурлап иштетүү. Майда жана орто оордуктагы кылмыш жасаган жашы жете электер үчүн жазанын эң алгылыктуу түрү – мажбурлап иштөө деп айта алабыз. А.М Ибрагимовадын пикири менен макул болушубуз керек. «Жашы жете электерге мажбурлоочу жумуш өтө эффективдүү жаза боло алат [3].

Албетте, жашы жете электердин кылмышка кокустан же болсо атайылап баруусу азыркы коомдун эң өкүнүчтүү көйгөйү болуп саналат. Анын алдын алуу улуу муундун, мамлекеттин милдети болуп эсептелет. Ал үчүн атайы мыйзам чегинде ар кандай түшүндүрүү иштерин өткөрүп туруу зарыл.

КР Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө мыйзамынын 20-беренесине ылайыктуу алдын алуу аңгемелешүүсүн жүргүзүүнүн тартиби 5-пункту боюнча жашы жете элек менен алдын алуу аңгемелешүүсү мыйзамдуу өкүлдөрдүн катышуусунда гана жүргүзүлөт. Аңгемелешүүгө педагогдор, психологдор жана кызмат адамы тарабынан чакырылган башка адамдар катыша алат. Алдын алуу аңгемелешүүсүнүн узактыгы үч сааттан ашпайт. Алдын алуу аңгемелешүүсү түнкү убакта жүргүзүлүшү мүмкүн эмес [4].

Ал эми Кыргыз Республикасында балдарга карата жаза чараларын колдонуу:

1. Укук бузуу жасагандыгы үчүн он алты жаштан он сегиз жаш курагына чейинки балдарга салынуучу айып пулдун өлчөмү ушул кылмыш-жаза кодекстин Өзгөчө бөлүгү менен каралган айып пулдун өлчөмүнүн 50 пайызынан ашпоого, бирок 50 эсептик көрсөткүчтөн көп эмес болууга тийиш.

Он алтыдан он сегиз жашка чейинки курактагы баланын айып пул төлөө үчүн жетиштүү расмий иштеп тапканы жок болгондо, бул айып пул (ушул бөлүктө көрсөтүлгөн өлчөмдө) анын ата-энесине же жана аларды алмаштыруучу адамдарга салынат.

2. Он алтыдан он сегиз жаш куракка чейинки балдарга карата жаза чараларынын башка түрлөрү (камакка алууну кошпогондо) жалпы негиздерде колдонулат.

3. Укук бузууну биринчи жолу жасаган он алтыдан он сегиз жашка чейинки курактагы бала сот же укук бузуу жөнүндө ишти караган ыйгарым укуктуу орган тарабынан ага карата ушул КР Жаза аткаруу кодексинин 44-берен. каралган тарбиялык таасир көрсөтүү чараларын колдонуу менен дайындалган жаза чарасын аткаруудан бошотулушу мүмкүн [5].

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Тарбиялык таасир көрсөтүү чаралары:

1. Он алтыдан он сегиз жаш куракка чейинки балага тарбиялык таасир көрсөтүүнүн төмөнкү чаралары дайындалышы мүмкүн:

1) Мыйзамды түшүндүрүү;

2) Келтирилген зыянды калыбына келтирүү боюнча милдеттенмени жүктөө;

3) Бош убактысын чектөө жана баланын жүрүм-турумуна карата өзгөчө талаптарды коюу.

2. Мыйзамды түшүндүрүү он алтыдан он сегиз жаш куракка чейинки балага анын жасаган жосуну менен келтирилген зыянды жана мыйзамда каралган укук бузууларды кайталап жасоонун юридикалык кесепеттерин түшүндүрүүдө турат.

3. Келтирилген зыяндын ордун толтуруу милдети он алтыдан он сегиз жашка чейинки курактагы балага анын физикалык абалын, мүлктүк абалын жана тиешелүү эмгек көндүмдөрүнүн болушун эске алуу менен жүктөлөт.

4. Он алтыдан он сегиз жаш куракка чейинки баланын бош убактысын чектөө жана жүрүм-турумуна өзгөчө талаптарды коюу белгилүү жайларга барууга, эс алуунун белгилүү формаларын пайдаланууга, анын ичинде транспорт каражатын башкаруу менен байланышкан тыюу салууну карашы мүмкүн.

5. Он алтыдан он сегиз жашка чейинки курактагы балага бир эле убакта тарбиялык таасир көрсөтүүнүн бир нече чаралары дайындалышы мүмкүн.

Тарбиялоо абагына келип түшкөн соттолгондор, ошондой эле жазаны өтөөнүн жеңилдетилген шарттарынан которулган адамдар тарбиялоо абактарында жазасын адаттагы шарттарда өтөйт.

Жазаны өтөөнүн белгиленген тартибин бузганы үчүн жаза-чаралары болбогондо жана окууга ак ниет мамиле кылганда, соттолгондор жазаны өтөөнүн адаттагы шарттарынан жеңилдетилген шарттарына төмөнкүдөй которулат:

1) жалпы режимдеги тарбиялоо абактарында жазасын өтөп жаткан балдар - адаттагы шарттарда үч ай өтөгөндөн кийин;

2) күчөтүлгөн режимдеги абактарда жазасын өтөп жаткан балдар - адаттагы шарттарда алты ай өтөгөндөн кийин.

3. Бошотууга даярдоо үчүн адаттагы шарттарда жазасын өтөп жаткан соттолгондор бошотулганга чейин үч ай калгандан кечиктирбестен жаза өтөөнүн жеңилдетилген шарттарына которулат.

4. Жазасын жеңилдетилген шарттарда өтөп жаткан, кыянаттык менен тартип бузуучулар катары таанылган соттолгондор адаттагы шарттарга которулат. Жеңилдетилген шарттарга кайталап которуу адаттагы шарттарга кайра келгенден кийин алты айдан кийин жүргүзүлөт.

Соттолгондорду түзөтүү жана кайра социалдаштыруу максатында соттолгондордо мыйзамга ылайык жүрүш-турушту, эмгекке жана окууга ак ниет мамилени калыптандырууга, жалпы негизги жана жалпы орто, баштапкы жана кесиптик орто билим алууга, кесиптик жагынан даярдоого, билим жана маданий деңгээлин жогорулатууга багытталган бирдиктүү окуу-тарбиялоо процесси уюштурулат.

Жалпы билим берүү жана кесиптик окутуу жана даярдоо тарбиялоо абактарында жана ишканаларда түзүлүүчү билим берүү мекемелеринин базасында жүзөгө ашырылат.

Соттолгондорго тарбиялык таасир көрсөтүү өспүрүм курагына таандык болгон психофизиологиялык өзгөчөлүктү эске алуу менен, психологиялык-педагогикалык усулдардын негизинде жеке, топтук жана массалык формаларда жүзөгө ашырылат [6].

Кыргыз Республикасында Балдарга карата тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын аткаруунун тартиби эскертүү менен көзөмөлгө өткөрүп берүү түрүндөгү тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын аткаруу менен ишке ашырылат.

Эскертүү менен көзөмөлгө өткөрүп берүү түрүндөгү тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чараларынын мөөнөтү соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып эсептелет. Ата-энелер же аларды алмаштыруучу адамдар же болбосо эскертүү менен көзөмөлгө өткөрүп берүү түрүндөгү тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын аткаруу сот тарабынан жүктөлгөн ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган балага тарбиялык таасир көрсөтүүнү жана анын жүрүш-турушуна көзөмөлдү жүзөгө ашырууга милдеттүү.

Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган сот тарбиялык мүнөздөгү ушул мажбурлоо чарасын аткарууну жүктөгөн жактардын же болбосо ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын балдарды көзөмөлдөө жана тарбиялык таасир көрсөтүү боюнча милдеттерди аткаруусун контролдоону жүзөгө ашырат.

Бала бир нече жолу баш ийбеген же ата-энесинин же аларды алмаштыруучу адамдардын же болбосо ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын мыйзамдуу талаптарын жана көрсөтмөлөрүн аткарбаган, башка укук бузууларды жасаган учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган балага карата тарбиялык мүнөздөгү кыйла катуу чараны же жазык жазасын колдонуу жөнүндө сотко өтүнмө жиберет [6].

Чындыгында сөз жашы жете электерге карата кылмыш жазасынын максатын аныктоого конкреттүү мамиле кылуу зарылчылыгы, жазалоочу элемент түзүлүшү керек, ал эми максатты коюу баланын социалдык адаптациясына негизделет.

Бул жагынан алганда, азыркы кылмыш саясатында белгилүү бир дисбаланс бар, бул бир жагынан, жасалган кылмыш үчүн жазанын сөзсүз болушунун белгиси, экинчи жагынан, жазаны белгилөө үчүн за-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



рыл шарт болуп саналат. Жаза колдонууда адамдын жаш курагына жараша акыл-эстүүлүгүнүн жана социалдык жактан жетилгендигинин өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл.

Заманбап изилдөөчүлөрдүн көз карашы боюнча, адилеттиктин жана гуманизмдин принциптерине таянуу менен, жашы жете элек өспүрүмдөргө да, жашы жетилгендиктин деңгээли боюнча жоопкерчиликтүү деп таанылышы мүмкүн болгон кылмыш-жаза мыйзамдарынын аларды максималдуу түрдө оңдоого мүмкүндүк берген чаралары колдонулушу керек, ошондой эле алардын жаңы кылмыштарды жасоосуна жол бербөө кылмыштарды жасоонун себептерин жана шарттарын жоюу зарыл.

Бирок кылмыш саясатын гуманизациялоо талабын жашы жете элек баланын тагдырын кандай гана шартта болбосун максималдуу (баардык каражаттар менен) жеңилдетүүнүн талабы катары чечмелөө жол берилгис көз карашты эске алуу керек.

Жалпы алдын алуу, калктын реалдуу коопсуздугун камсыз кылуу жана күнөөлүүлөрдү реалдуу оңдоо милдеттеринин комплексин эске алуу зарыл.

Бирок, жаза билим берүү маселесин толук чече албайт, бул аны панацея катары кароого мүмкүндүк бербейт, анткени белгилүү бир ишенимдерди жана көз караштарды жаратуу үчүн узак мөөнөттүү жана максаттуу таасир керек. Анын эффективдүүлүгү үчүн көп сандагы кошумча шарттар жана жагдайлар талап кылынат – кылмышкер жайгашкан микрочөйрө, жазанын тарбиялык тарабын турмушта аткарып жаткан адамдардын моралдык сапаттары, социалдык-экономикалык шарттар жана башкалар. Жаза соттолгон адамды анын жүйөлөрү пайдалуу, коомго зыян келтирбеген жүрүм-турумга стимулдаштыргыдай кылып кайра тарбиялоого (ынандырууга) жетише албайт, ал эми каалабаган стимулдар таптакыр пайда болбойт. Жаза бере албаган нерсени жазадан күтүүгө болбойт.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси 2021-жылдын 28-октябры №126.
2. Астемиров З.А. Зиядова Д.З. Некоторые пути совершенствования уголовно-правовой защиты несовершеннолетних // Вестник Дагестанского государственного университета. - 2012. - Выпуск 2. Право. - С. 155-159.
3. Ибрагимова А.М. О применении обязательных работ в отношении несовершеннолетних // Рос. следователь. - 2003. - №6.
4. Кыргыз Республикасындагы Укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө мыйзамы 2005-жылдын 25-июну № 82
5. Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси 2021-жылдын 28-октябры № 128
6. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу кодекси 2017-жылдын 31-январы №17.
7. Юсупалиев И.К. Защита прав несовершеннолетних при осуществлении допроса в уголовном судопроизводстве. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2020. №. 4. С. 128-131.
8. Жаасынбек кызы А. Криминологическая характеристика преступности несовершеннолетних. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 2. С. 172-174.
9. Кульжанова М.А. Криминалистическая характеристика преступлений, совершаемых несовершеннолетними. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 9. С. 200-204.